| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ТАЛАС ОБЛАСТЫ<br>КАРА-БУУРА РАЙОНУ<br>КӨК- САЙ АЙЫЛДЫК<br>АЙМАКТЫК<br>КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-БУУРИНСКИЙ РАЙОН<br>КОК-САЙСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ<br>АЙМАКСКИЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Токтом

Постановление

06.04.2022 №01-3/26 Көк-Сай айылы.

**Көк-Сай айылдык аймактык кеңешинин VII - чакырылышындагы депутаттарынын кезектүү № 7 сессиясы**

**Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 жарлыгын аткаруу жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы №54 жарлыгы, Кыргыз Республикасынын Президентинин Талас облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 26-февралындагы №37б буйругу жана Кара-Буура райондук мамлекеттик администрациясынын 2022-жылдын 26-февралындагы №53 буйругун ишке ашыруу максатында Көк-Сай айылдык аймактык кеңешинин VII-чакырылышынын кезектүү №7 сессиясы

Токтом кылат:

1. Каада салт, ырым-жырымдарды тартипке келтирүү менен ыксыз чыгымдарды кыскартуу менен Көк-Сай айылдык аймагынын калкынын жашоо турмушундагы экономикалык пайдубалын бекемдөө жана коомдук тартипти сактоо бүгүнкү сессиянын негизги максаты болуп эсептелсин.
2. Көк-Сай жана Кайнар айылдарында ашыкча каада салт, үрп-адаттарды, ырым жырымдарды ыксыз чыгымдарды кыскартууну иш жүзүнө ашырууда айыл өкмөтүндөгү ардагерлер, айыл аксакалдарынан, айыл имамдарынан, аялдар, жаштар кеңештеринен кошулуп, атайын комиссия түзүлсүн, жамааттарда ашыкча бөөдө чыгымдарга жол бербөө, ага кетүүчү ыгым – чыгымдарды кыскартуу боюнча Көк-Сай, Кайнар айылынын калкынын арасында жарлыкты кеңири түшүндүрүү иштерин жүргүзүү менен натыйжалуу иш алып барылсын.
3. Айыл өкмөт башчысына жана аппарат кызматкерлерине, мекеме-уюм жетекчилерине жана кызматкерлерине, дин өкүлдөрүнө, жергиликтүү кеңештин депутаттарына комиссиянын курамы менен биргеликте эл арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү жана активдүү катышуу жоопкерчилиги жүктөлсүн.
4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы социалдык бөлүмдүн жетектөөчү адиси Н.Абдраимовага милдеттендирилсин.

Төрага: Т.Салыбеков

"БЕКИТИЛДИ"
Көк-Сай айылдык аймактык кеңешинин
VII-чакырылышынын 7-сессиясынын
2022-жылдын 6-апрелиндеги №01-03/26
чечими менен

## Көк-Сай айылдык аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө

## ЖОБО

1. Жалпы жоболор

2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн ) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

3. Үй бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары

6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик.

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Бул жобо " Кыргыз Республикасында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын иретке келтирүү чаралары жөнүндө" КРП 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ №54-Жарлыгына ылайык, жергиликтүү калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгарылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелер

1.2. Жобонун максаты Көк-Сай айыл аймагынын айылдарда үй - бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын иретке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, өлүк ээсин мажбурлоого, өзүн көрсөтүүгө умтулууга башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого ашыкча ысырапкорчулукка, элдин салт санаасын, үрп адатын тоготпоого жол бербөө, ата салтына жат терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт санаасын жана ырым жырымдарын кеңири пропагандалоо жана жайылтуу болуп эсептелет.

### 2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн ) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1. Көк- Сай , Кайнар айылдарында үй – бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобонун иштеп чыгуу үчүн

айыл өкмөтүнүн башчысынын жергиликтүү кеңешинин депутаттарынын, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын , аксакалдар сотунун , диний уюмдардын түзүлгөн жобо түзүлөт.

2.2. Ушул типтүү Жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкуулап жалпы кулактандыруу илинүүчү маалымат такталарга илинет. Келип түшкөн иштиктүү сунуштар эске алынып долбоорго киргизилет. Иштелип чыккан жобо жергиликтүү кеңештин сессиясында бекитилет

2.3. Жобону бекитүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин токтому бекитилген тартипте сайттарга жайгаштырылат

2.4. Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү токтоосуз тааныштырат.

## 3. Үй бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

3.1. Үй бүлөлүк салтанаттарга бешик тою, тушоо кесүү тою, балдарды сүннөткө отургузуу, нике тою, куда тозуу, маараке салтанаттары ж.б. кирет.

3.2. Үй бүлөлүк салтанаттар калыптанып калган эрежелер жана тартип боюнча киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

## 4. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдардын өткөрүүнүн тартиби

4.1. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдардын (акыркы сапарга узатуу, үчүлүк, жетилик, кыркылык) өткөрүүдө кара мал мал союуга болбойт эки кой союлат

4.2. Өлгөндү эске алуу ырым-жырымдардын мал союуну эсепке албаганда калыптанып калган эрежелер менен тартип боюнча өткөрүлөт.

## 5. Үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары

Жобого ылайык үй бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү органдарга жана кызмат адамдарына Президенттин облустагы өкүлү, райондун акими, айыл өкмөтүнүн башчысы жана жергиликтүү комиссия кирет

Бардык комиссия өздөрүнүн ишин документтештирет.

### 5.1. Жергиликтүү комиссия

5.1.1. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүндө түзүлөт. Анын курамына айыл өкмөтүнүн, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын , маданият тармагынын , аксакалдар сотунун, аялдар кенешинин, жаштар уюмдарынын жан участковый милициянын өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүнүн буйругу менен бекилет.

5.1.2. жергиликтүү комиссия мүчөлөрү өлгөндү эске алуу ырым-жырым өткөрүлүп жаткан жерге биргеликте барып түшүндүрүү иштерин жүргүзүшөт. Өлүк ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт же акт түзөт, ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинде коомдук уяткаруу чарасы) көрөт

## 5.3. Комиссиянын функциялары

5.3.1. Комиссиялар төмөндөгүдөй функцияларды ишке ашырат

5.3.2. Көк-Сай айылдык аймагында Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгы боюнча келип түшкөн арызды карайт жана калк арасында түшүндүрүү иштерине көмөктөшөт.

5.3.3. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгын аткарбаган мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга Көк-сай айылдык аймагында түзүлгөн комиссияга сунуштама берет.

5.3.4.Айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгын аткарбай, каяша айтып, тескери үгүт жүргүзгөн жарандарды Көк-Сай айыл өкмөтүндө түзүлгөн комиссияга чара көрүү боюнча сунуш кылат.

## 5.4. Комиссиянын ишин камсыз кылуу;

5.4.1. комиссия төмөндөгүгө укуктуу;

5.4.2. Комиссиянын иши анын кеңешмесине бардык мүчөлөрүнүн үчтөн экиси катышкан учурда ыйгарымдуу деп эсептелет;

5.4.3. Комиссиянын чечими Кеңешмеге катышкан комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кабыл алынат;

5.4.4. Көк- Сай айылдык аймагынын мекеме- уюмдардан комиссия карап жаткан маселелер боюнча материалдарды жана документтерди суратат;

5.4.5. Өзүнүн жыйналышына мамлекеттик жана мамлекеттик эмес органдардын, эмгек жамаатынын жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн, каралып жаткан маселеге тиешеси бар өкүлдөрдү чакырта алат

## 5.5. Комиссияга жетекчилик кылуу жана ишин уюштуруу

5.5.1.Комиссияга анын төрагасы жетекчилик кылат

5.5.2. Комиссиянын жыйналышынын зарылчылыгына жараша , бирок кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Жыйналышты комиссиянын төрагасы алып барат, ал жокто комиссиянын төрагасынын орун басары алып барганга укуктуу.

5.5.3. Комиссиянын жыйынында протокол жазылат жана кабыл алынган протоколдук чечим комиссиянын төрагасы жана катчысынын колу менен бекитилет;

5.5.4. Кыргыз Республикасынын Президентинин Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү Жарлыгы боюнча колдонулган тартиптик чара айыл өкмөтүнүн колу менен күбөлөндүрүп, каттоо номери коюлуп , буйрук менен бекитилет.

5.5.5. Комиссиянын жыйналышы үчүн материалдарды даярдоо жана кабыл алынган чечимдер боюнча ишти комиссиянын жооптуу катчысы жүзөгө ашырат.

## 6.Жобонун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик

6.1. Айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана өлгөндү эске алуу ырым жырымдарын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине, жергиликтүү жамааттын уставына айылдын эрежелерине каралган (элдик курултай, айылдык жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.